ПРОТОКОЛ № _____

Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн
550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты,
физика профили боюнча магистранттарынын
башкаруу практикасынын жыйынтыгы боюнча

25.11.2024
Ош шаары

Төрайымы: Омаралиева З.И.
Катчы: Бекжан кызы Г.
Катышты: 15

КҮН ТАРТИБИ:

550200 – Физика-математикалык билим берүү багытынын физика профили боюнча магистранттардын башкаруу практикасынын өтүшүнүн жыйынтыктарын талкуулоо.

**Угулду:** Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн 550200 – Физика-математикалык билим берүү багытынын физика профили боюнча магистранттары башкаруу практикасын университет тарабынан бекитилген окуу планына, программага жана календардык графикке ылайык 2024-жылдын 4-ноябрынан 23-ноябрына чейинки  мөөнөттө толук көлөмдө өтүштү.

Башкаруу практикасынын негизги максаты магистранттардын жогорку билим берүү мекемесиндеги башкаруу ишмердүүлүгүнүн мазмуну, түзүмү жана уюштурулушу менен терең тааныштырууга, ошондой эле теориялык билимдерин практикалык иш-аракеттер менен бекемдөөгө багытталган. Практиканын жүрүшүндө магистранттар Ош мамлекеттик университетинин факультеттик жана кафедралык деңгээлдеги башкаруу системасы, уюштуруучулук иштердин жүргүзүлүшү, окуу-методикалык процесстердин пландалышы жана көзөмөлдөнүшү менен таанышышты.

ЧЕЧИМ КЫЛЫНДЫ:


550200 – Физика-математикалык билим берүү багытынын физика профили боюнча магистранттардын башкаруу практикасы толук көлөмдө жана канааттандырарлык деңгээлде өттү деп эсептелсин.

Магистранттар тарабынан тапшырылган башкаруу практикасы боюнча отчеттор белгиленген талаптарга жооп берет деп табылып, кабыл алынсын.

Магистранттардын башкаруу практикасы боюнча жыйынтыктоочу баалары комиссия тарабынан коюлсун.

Магистранттар башкаруу ишмердүүлүгү боюнча алган тажрыйбасын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга сунушталсын.

Төрайымы:  Омаралиева З.И.

Катчы:  Бекжан кызы Г.